**УДК: 37.013.42** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.416**

# УНИВЕРСИТЕТТЕРДИН ОКУУ ПРОЦЕССИНДЕ БОЛОЧОК БАШТАЛГЫЧ КЛАСС МУГАЛИМДЕРИНИН ТЕХНОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН АЙРЫМ ЖОЛДОРУ

**Маткасымова Минавар Осмоновна**
**ORCID:0009-0002-7870-7535**
**окутуучу**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университети,**
**Ош шаары, Кыргызстан, mminavar68@gmail.com**

# НЕКОТОРЫЕ ПУТИ РАЗВИТИЯ ТЕХНОЛОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ В ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМ ПРОЦЕССЕ УНИВЕРСИТЕТОВ

**Маткасымова Минавар Осмоновна**
**ORCID:0009-0002-7870-7535**
**преподаватель,**
**Ошский государственный педагогический университет,**
**г. Ош, Кыргызстан, mminavar68@gmail.com**

# SOME WAYS TO DEVELOP TECHNOLOGICAL CULTURE OF FUTURE PRIMARY SCHOOL TEACHERS IN THE EDUCATIONAL PROCESS OF UNIVERSITIES

**Matkasymova Minavar Osmonovna**
**Lecturer**
**Osh State Pedagogical University,**
**Osh, Kyrgyzstan, mminavar68@gmail.com**

**Аннотация.**

Бул макалада башталгыч класстын болочок мугалимдеринде технологиялык маданиятты өнүктүрүү маселеси ар тараптуу илимий жана практикалык негизде талданат. Заманбап билим берүү системасында мугалимдин кесиптик даярдыгы инновациялык талаптарга жооп берүүгө тийиш болгондуктан, дидактикалык жана педагогикалык технологиялардын ролу өзгөчө мааниге ээ. Автор бул технологиялардын билим берүү процессиндеги функцияларын кеңири изилдеп, алардын окуучунун чыгармачылык активдүүлүгүн арттыруудагы, сынчыл ой жүгүртүүсүн жана таанып-билүү жөндөмдөрүн калыптандыруудагы ордун белгилейт. Макалада технологиялык маданият мугалимдин жалпы кесиптик маданиятынын ажырагыс бөлүгү катары түшүндүрүлүп, аны калыптандырууда маалыматтык-коммуникациялык технологияларды, инновациялык методдорду, баалоонун заманбап системаларын жана интерактивдүү формаларды өздөштүрүү зарылдыгы көрсөтүлөт. Ошондой эле дүйнөлүк жана улуттук педагогикалык тажрыйбалар салыштырылып, алардын интеграциясы аркылуу башталгыч класстын мугалимдеринде технологиялык компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрү ачып берилген.

**Ачкыч сөздөр:** башталгыч класс, мугалим, технологиялык маданият, университет.

**Аннотация.**

В данной статье всесторонне рассматривается проблема формирования технологической культуры у будущих учителей начальных классов на научной и практической основе. В условиях современного образования профессиональная подготовка педагога должна соответствовать инновационным требованиям, поэтому роль дидактических и педагогических технологий приобретает особое значение. Автор подробно анализирует функции этих технологий в образовательном процессе, их влияние на развитие творческой активности учащихся, формирование критического мышления и познавательных способностей. В статье технологическая культура раскрывается как неотъемлемая часть профессиональной культуры педагога, при этом подчеркивается необходимость освоения

информационно-коммуникационных технологий, инновационных методов, современных систем оценивания и интерактивных форм обучения. Кроме того, сопоставляются мировая и национальная педагогическая практика, а также показываются возможности их интеграции для развития технологической компетентности будущих учителей начальных классов.
**Ключевые слова:** начальная школа, учитель, технологическая культура, университет.

**Abstract.**

This article comprehensively examines the issue of developing technological culture among future primary school teachers from both theoretical and practical perspectives. In the context of modern education, teacher training must meet innovative requirements; therefore, the role of didactic and pedagogical technologies becomes especially significant. The author analyzes in detail the functions of these technologies in the educational process, highlighting their impact on fostering students’ creative activity, critical thinking, and cognitive skills. Technological culture is presented as an integral component of a teacher’s professional identity, emphasizing the necessity of mastering information and communication technologies, innovative teaching methods, modern assessment systems, and interactive forms of instruction. The paper also compares global and national pedagogical practices and demonstrates how their integration can contribute to strengthening the technological competence of future primary school teachers.
**Keywords:** кeywords: primary school, teacher, technological culture, university.

**Киришүү**

Бүгүнкү кыргыз мектептери билим берүүдө натыйжаны камсыз кылуу үчүн түрдүү парадигмаларды, технологияларды ийкемдүү колдоно билген иш билги мугалимдерге муктаж болуп жаткандыгын көрсөтүп турат. Ошону менен бирдикте ЖОЖдордун көпчүлүгү окуучуну ийгиликтүү окутуу ишине жеткилең даяр технологиялык маданияты жетиштүү мугалимдерди даярдоо милдетин аркалай албай келет.

Учурда болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологиялык маданиятын калыптандырууда төмөнкүдөй карама-каршылыктар ачык байкалат:

- жаңы өзгөргөн шарттагы башталгыч билим берүүгө коюлган жаңы парадигмалык талаптар менен мугалимдердин аларды реализациялоого кесиптик педагогикалык даярдыгынын ортосундагы дал келбестик;
- башталгыч класс мугалимдерин технологиялык жактан даярдоонун заманбап тенденциялары менен Кыргызстандын башталгыч класс мугалимдерин даярддочу жогорку окуу жайларынын иш практикасынын ортосундагы дал келбестик;
- жогорку окуу жайларда болочок башталгыч класс мугалимдерин технологиялык жактан даярдоо талаптары менен бул процессти илимий методикалык жактан камсыздоо багытындагы рационалдуу илимий билимдердин жетишпестигинин ортосунда олуттуу айрыма.

Мындай кырдаал университеттердин Педагогика багыты (550700) «Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы» адистиктеринин базасында башталгыч класс мугалимдерин технологиялык жактан даярдоонун илимий –методикалык негиздерин конструкциялап иштеп чыгуу зарылдыгын жаратты. Биздин пикирибизде бул иш илимде калыптанган түптүү түшүнүктөргө, концептуалдуу көз караштарга негизделиши керектигин көңүлгө туттук.

Педагогикалык технология түшүнүгү илим тарыхында бир катар эволюциялык процесстердин жемиши. Ал “билим берүүдөгү технологиядан” (technology in education) “билим берүү технологиясына” (technology of education), андан соң «педагогикалык технологияга» (educational technology), «окутуунун технологиясына» (дидактикалык технология) карай конкреттештирилип олтурду. [1, 58]

Таалим-тарбия терминдеринин чечмелеме сөздүгүндө окутуу технологиясына «Белгилүү бир тармакка тиешелүү максаттарды аткарууда таасирдүү үйрөнүүнү камсыз кылуу үчүн кабарлашма жана үйрөнмөгө тиешелүү изилдөөлөрдү эске алып, инсан күчүн жана инсан

күчүнөн башка булактарды колдонуп үйрөтмө-үйрөнмө процессинин долбоорлорун даярдоо, ишке ашыруу жана баалоо ыкмалары» -деген аныктама берилген. [2, 59 б.]

Орус тилдүү педагогикалык адабияттарда «педагогикалык технология» жана «окутуунун технологиясы» түшүнүктөрүн чечмелеген бир катар эмгектер бар. Педагогикалык технология түшүнүгүн, М.Левин инсанды тарбиялоо жана өнүктүрүү максаттарына жетүүгө багытталган иш-аракеттерди ырааттуу жайылтуу системасынын долбоору катары ачыктаган. [3, 23 б.]

В.Сластениндин пикири боюнча «Педагогикалык технология — бул натыйжаны кепилдеген педагогикалык аракеттерди илимий негизде так пландаштыруу жана так аткаруу. Педагогикалык процесс белгилүү бир принциптер системасына негизделип курулгандыктан, педагогикалык технологияны ушул принциптерди объективдүү өз ара байланышта, кезеги менен ишке ашырууга багытталган ички жана тышкы аракеттердин жыйындысы катары кароого болот. Бул иштердин баарынын башатында мугалимдин инсандык позициясы турат. Педагогикалык технология окутуу жана тарбияло методикасынан ушул жактары менен айрымаланат» [4, 494]

В.Пикан өзүнүн педагогикалык технология боюнча түшүнүгүн төмөнкүчө чагылдырат: өнүктүрүү конкреттүү педагогикалык план боюнча иштелип чыгат; конкреттүү күтүлгөн натыйжа формасына ээ болгон максаттарга ылайык педагогикалык аракеттердин технологиялык чынжырчасы түзүлөт; технологиянын иштеши индивидуалдаштыруу жана дифференциациялоо принциптерин эске алуу менен мугалим менен окуучулардын өз ара байланышкан ишмердүүлүгүн камтыйт; этап-этабы менен пландаштыруу жана педагогикалык технологиянын элементтерин ырааттуу ишке ашыруу кайра чыгарылып, пландаштырылган натыйжаларга жетишүүнү кепилдөөгө тийиш. [5, 91]

Кыргызстанда мугалимдердин дүйнөлүк жана ата мекендик илим жана практикасында ийгиликтүү колдонулуп келе жаткан окутуу технологиялары А.Алимбеков жана А. Муратовдордун окуу куралдарында жалпыланган [6, 7, 8]. Башталгыч класс мугалимдерин окутуу технологияларын колдонууга даярдоонун айрым аспекттери Т. Н. Бережная [9], И.А. Югфельд [10] жана башкалардын эмгектеринде камтылган.

**Изилдөө материалдары жана методдору**

Изилдөөнүн материалы катары болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологиялык маданиятын калыптандыруу багытында автордун өзүнүн катышуусунда жүргүзүлгөн тажрыйбанын илимий жана окуу документтик материалдары колдонулду. Изилдөөдө алдыңкы тажрыйбаны сапаттык изилдөө моделинин алкагында үйрөнүү жана талдоого багытталган байкоо, документ анализи методдору колдонулду.

**Изилдөөнүн натыйжалары**

Биздин Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде башталгыч класс мугалимдеринин технолгиялык маданиятын өнүктүрүүгө багытталган эксперименталдык тажрыйба иштерибиз илимде калыптанган концептуалдуу жоболорго негизделет.

Биз тарабынан жүргүзүлгөн изилдөө ошондой эле болочок мугалимдерди технологиялык маданиятын өнүктүрүүнүн маанилүү шарты болуп окуу процессинде активдүү методдорду, биринчи кезекте студенттердин технологиялык маданиятынын баалуулуктарын жана базалык компоненттерин өнүктүрүүнү проблемалык таанымдык жана практикалык маселелер катары катары иштеп чыгуу жана практикалоо зарылдыгын көрсөттү. Биздин пикирибизде педагогикалык маселени педагогикалык процесстин негизги бирдигин билдирген системанын өзгөчө түрү катары түшүнүү керек. Ал педагогикалык процесстин өзүндөй мугалимдер, окуучулар, мазмун жана каражаттар сыяктуу компоненттерге ээ. Педагогикалык маселелер болочок мугалимдин окуу процесси менен практикалык-когнитивдик өз ара аракеттенүүсүнүн дидактикалык технологиялык имитациясына дал келет. Алардын мааниси, биринчиден, жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен болочок мугалимдердин технологиялык маданиятын өнүктүрүүнү өз алдынча долбоорлоону конкреттештирүүнүн логикалык жана мазмундук негизи катары, экинчиден, педагогдордун билимин жогорулатууну камсыз кылуучу дидактикалык курал катары пайдалануу мүмкүнчүлүгү менен аныкталат. Буга байланыштуу

*биринчи типтеги* маселелер болочок мугалимдердин билим берүү процессиндеги диалогдук формалардын негизинде окутуу технологияларын баалуулук катары таанып аңдоого багытталат.

Болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологиялык маданиятын калыптандыруу өнүктүрүү процессинде диалогдук мамиле окутуучулардын студенттин өзүн өзү тынымсыз өркүндөтүүгө болгон умтулуусуна болгон ишеними, сыноолор жана бийиктиктер, катардагы студенттен чебер мугалимди жаратуудагы татаал процессте ийгиликке үмүттөнүү, ар кандай кыйынчылыкты жеңүүнү сүйүү сыяктуу руханий экзистенцияларды айкалыштыраарын көрсөттү.

Биздин оюбузча, студенттер пробелмалуу жана чыгармачылык мүнөздөгү суроолор жана тапшырмалар менен иштөөгө көбүрөөк кызыкдар. Суроолордун бул категориясы негизги билимдерге таянууну жана заманбап реалдуулукту эске алуу менен сунушталган кырдаалды же симуляцияланган жагдайларды кароо жөндөмүн камтыйт.

Мисалы, билим берүү маселесин кароодо студенттерге төмөнкүдөй суроолор берилди:

1. Башталгыч класстарда окутуу технологияларын иргеп алууда кандай принциптерди жетекчиликке алуу зарыл?

2. Башталгыч билим берүүдөгү инновациялык процесстердин негиздерин аныктаңыз.

3. Окутуу методдору менен окуучунун натыйжалуу үйрөнүүсүнүн ортосундагы көз карандылык эмнеде?

Практикалык блок тренингдин жалпы контекстинен өзгөчө белгиленет. Негизги педагогикалык билимдердин негизинде иш жүзүндө кесиптик суроолорго жооп издөөнү камтыгандыктан, ал көп эмгекти талап кылат. Студенттер тема боюнча изилдөө жүргүзүү аркылуу маалыматтык долбоорду сунуштоо; маалымат блогунун колдоочу диаграммасын мазмун менен толтуруу; микрогруппада ушул жагдайлардын бирин талдоо сыяктуу ишмердүүлүккө тартылат. Бул блокто көп деңгээлдүү тапшырмаларды аткаруу билим берүү уюмдары менен кызматташууга, кесиптин субъекттери катары мугалимдер жана студенттер менен байланышка түрткү берет.

Студенттерге талкуу учурунда түзүлгөн, талкууланган маселе боюнча өзүнүн жеке позициясын баяндаган эссе жазуу сунушталат. Педагогикалык эссе – бул илимий теорияларды жана концепцияларды талдоо жана чечмелөө көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берген окутуунун түрү. Эссенин максаты – студенттин сынчыл ой жүгүртүү жөндөмүн ачыкка чыгаруу тема боюнча өз пикирин билдирүүгө мүмкүнчүлүк берүү.

Болочок мугалимдер окутуу технологяларынын бөтөнчө баалуулук катары кабыл алышы үчүн аларга окутуу технологияларынын алкагындагы окуучунун ролун таанып-билүүгө багытталган тапшырма аткарылды:

Салттуу методика менен жаңы окутуу технологияларынын шартындагы окуучунун ишмердүүлүгү;

Салттуу окутуу методикасынын максаты - окуучуларды билим билгичтик көндүмдөргө ээ кылуу;Жаңы окутуу технологиялардын максаты - инсан жана анын өзүн өзү өнүктүрүү жөндөмдөрү:

1. Сабактагы жаңы теманы жазып алат.
2. Предметтик маалыматты кабыл алат, анализдейт, эске сактайт.
3. Мугалимдин суроолоруна жооп берет түшүнгөндөрүн тактайт.Бирок түшүнүү процессин этибарга албайт.
4. Өз билимдерин башкалардыкы менен салыштырып толуктайт тактайт.
5. Бардыгы менен барабар бир өңчөй тапшырма аткарып тапшырманы аткарууда туура жоопту таап баа алууну гана көзөмөл тутат.

Жаңы окуу маселелерин коюга катышат.

Мугалим түшүндүрүп жатканда суроо берип диалог курат, айткандарын сынчыл ой элегинен өткөрөт. Ар бир маселени чечүүнүн методдорун айкындоого маселени чечүү жолу менен анын натыйжасынын ортосундагы айрыманы аңдоого умтулат.

- Өзүнүн окуудагы абалын, күчтүү жана чабал жактарын талдап аныктоого куштар. Жекелештирилген мүнөздөгү өнүктүрүүчү тапшырмаларды аткарат.

Окутуу технологияларына байланыштуу түшүнүктөрдү так билип алардын түрдүү аныктамаларындагы жалпы жана айрымалуу жагдайларды ажырата билүү билим берүү чөйрөсүндөгү технологиялык процесстердин мыйзам ченемдүүлүктөрүн терең өздөштүрүүсүндө өнүгүшүнө шарт түзөт. Буга байланыштуу педагогикалык циклдеги сабактарда студенттерди ар кандай түрдөгү терминдерди, аныктамаларды чечмелеп, кайра чыгарууга жана чечмелеп берүүгө үйрөтүүгө өзгөчө көңүл бурулду. Бул иш чаралар алкагында болочок мугалимдер окутуунун технологиялар төмөнкү негизги теориялык концепцияларынын маани-маңызын ачуу багыттары боюнча сөз сунуштарын аяктоо сунушталды:

Технология – бул ...,
Окутуу технологиясы – бул...,
Педагогикалык маданият ...,
Технологиялык маданият– ...,
Башталгыч класс мугалиминин технологиялык маданияты дегенде – ...,
Педагогикалык технологиянын методикадан айрымалуу төмөнкүлөр: – ...,
Окутуу технологияларынын оптималдуулугунун негизги белгилери кайсылар... ж.б.

Башталгыч класстарда балдардын түшүнүктөрүн тактоо элестүү ой жүгүртүүсүн сүйлөө жөндөмүн өнүктүрүүдө Синквейн ыкмасы өтө кайтарымдуу. Синквейндин негизги максаты үйрөнүлгөн окуу материалын кыскача корутундулап түшүнүктөрдү тактоого багытталат.

Биз бул методду колдонууда башка методдорду колдонгон сыяктуу эки максатты көзөмөл туттук. Биринчиси, болочок мугалимдерге Синквейн ыкмасы тууралуу түшүнүктөрүн тактоо, экинчиси аны колдонуу тажрыйбасын өнүкктүрүү.

Болочок мугалимдердин технологиялык маданиятын өнүктүрүү контекстинде колдонулган Синквейндердин айрымдары төмөнкүлөр.

1. **Үрөнүү**
2. Татаал, кызыктуу.
3. өнүктүрөт, үйрөтөт, көнүктүрөт.
4. Көрө көрө көсөм болот
5. Акылмандык.

**Окутуу технологиялары**

1. Ийкемдүү, пландуу.
2. Пландаштырат, багыттайт, максатка жеткирет.
3. Кайтрарым байланышты камсыз кылат.
4. Окутуу исскуствосу

Болочок мугалимдердин окутуу технологиялары боюнча теориялык билимдерин жана түшүнүктөрүн тактоодо айрым аныктамалардагы *логикалык каталарды табууга* багытталган тренингдер өзгөчө мааниге ээ болоорун көрсөттү.

Айрым мисалдар катары төмөнкүлөрдү келтирүүгө болот:

1) Окутуу технологиялары окуу процессинде эрежелер тутуму.
2) Модулдук окутуунун негизги максаты кандайдыр бир маселени анализдөө талкуулоого үйрөтүү.
3) Окутуу технологиялары – мугалимдин жеке чыгармачылыгы.
4) Проблемлык окутуу технологиясы – эмпирикалык парадигма
5) Окутуу технологиясын тандап алуу мектептен көз каранды.

Болочок мугалимдердин окутуу технологиялары боюнча теориялык билимдерин бекемдеп тактоодо педагогикалык *глоссарий түзүүгө* байланыштуу тапшырмалар да өзгөчө мааниге ээ болоорун көрсөттү. Бул иштин алкагында болочок мугалимдер окутуу методдору жана технологияларына байланыштуу теримндер системасынан өз алдынча сөздүк түзүү иш аракеттерин жүзөгө ашырышты. Окутуу технологияларына байланыштуу түрдүү терминдерди

айрымалай билүү болочок мугалимди окуу процессиндеги технологиялык кубулуштарды зирек талдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ кылаарын көрсөттү.

Болочок мугалимдердин активдүү практикалык көндүмдөрдү өздөштүрүүсүндө, б.а. технологиянын теориясы боюнча билимдерин практикалык иш-аракеттин куралына айландырууда педагогика жана методика курстарынын алкагындагы сабактарда жана педагогикалык практикада чечилүүчү *изилдөө тапшырмалары* чоң мааниге ээ экендигин көрсөттү. Бул процессте болочок мугалимдер педагогикалык процесстеги окутуу технологияларынын ордун талдоого жана конкреттүү иш чараларды өз алдынча долбоорлоого катышышты. Мисалы, «Окутуунун технологиялары» деген теманы окуп жатканда студенттер талдоо жана салыштыруу негизинде окутуу технологияларын классификациялоо боюнча дигарамма жана таблицаларды түзүштү. Буга байланыштуу педагогика жана методика сабактарын окуп жатканда окуучуларга белгилүү бир типтеги сабакты же сабактын үзүндүсүн окутуунун белгилүү бир ыкмаларын (проблемаларды көрсөтүү, маек аркылуу материалды түшүндүрүү ж.б.) колдонуу боюнча тапшырмалар берилди.

Биз эксперименталдык жумуштардын алкагында студенттердин окутуу технологиясына байланыштуу бардык аракеттерин класстык сабактын алкагына топтоого аракет кылдык. Анткени, өзгөчө башталгыч класстарда окуу тарбия ишинин дээрлик бардык милдеттери сабакка жүктөлөт, сабак аркылуу жүзөгө ашат. Демек, мугалимдин технологиялык маданияты сабакты пландоо, өткөрүү, натыйжалуулугун анализдөө процессинде ачыкка чыгат. Буга байланыштуу эң обол класстык сабакты даярдоонун технологиялык процесстеринин этаптарын өз алдынча аткартырдык. Эксперименталдык билим берүүнүн алкагында болочок мугалимдер дүйнөнүн алдыңкы билим берүү системаларында сабакты уюштуп өткөрүүнүн технологиялары менен да таанышышты. Алардын бир Сингапур мектептеринин башталгыч мектептериндеги математика сабагынын план -конспектин талдоо иштерин көргөзүүгө болот.

**Жыйынтык.**

Бул макаланын алкагында болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологиялык маданиятын калыптандыруу маселелерине тике тиешелүү айрым тажрыйбалар гана чагылдырылды.

Биз тарабынан жүзөгө ашырылган эксперименталдык-тажрыйба иштери Педагогика багыты (550 700) «Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы» профили боюнча» бакалавриат программасынын мамлекеттик билим берүүнүн стандартынын өздөштүрүүнүн алкагында болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологиялык маданиятын калыптандыруу үчүн өбөлгөлөр бар экендигин көрсөттү.

Өткөрүлгөн эксперименталдык-тажрыйба иштеринин натыйжалуулугу болочок болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологиялык маданиятынын өнүгүш динамикасы менен тастыкталды. Демек, аларды башка университеттерде колдонууга ишенимдүү сунуштоого болот.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Педагогические технологии в образовании : учебное пособие / отв. ред. С. И. Самыгин. – Ростов н/Д : Феникс, 2022. – 318 с.
2. Kömleksiz, M., Alimbekov, A., Çelikbay, A. Açıklamalı eğitim terimleri sözlüğü : Kırgızca–Türkçe–Rusça–İngilizce. – Bişkek : Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi, 2002. – 1 т.
3. Левина, М. М. Технологии профессионального педагогического образования : учебное пособие для вузов / М. М. Левина. – М. : Центр «Академия», 2001. – 272 с.
4. Сластенин, В. А. Педагогика : учебное пособие для студентов высших педагогических учебных заведений / В. А. Сластенин, И. Ф. Исаев, Е. Н. Шиянов ; под ред. В. А. Сластенина. – М. : Академия, 2002. – 576 с.
5. Пикан, В. В. Технология вариативного обучения : учебно-методическое пособие / В. В. Пикан. – М. : Перспектива, 2008. – 144 с.

6. Алимбеков, А. Окутуунун жалпы методдору / А. Алимбеков, М. Ташпынар. – Бишкек : КТМУ, 2004. – 236 б.
7. Алимбеков, А. Орто мектептин мугалимдери жана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы / А. Алимбеков. – Бишкек, 2019. – 137 б.
8. Муратов, С. Педагогикалык инновациялар жана технологиялар / С. Муратов. – Бишкек : Илим, 2019. – 180 б.
9. Бережная, Т. Н. Формирование инновационной методической культуры учителя начальных классов в процессе профессиональной подготовки в вузе : автореф. дис. … канд. пед. наук : 13.00.08 / Т. Н. Бережная. – Краснодар, 2010. – 22 с.
10. Югфельд, И. А. Подготовка будущих учителей к использованию игровых технологий в процессе изучения психолого-педагогических дисциплин : автореф. дис. … канд. пед. наук : 13.00.08 / И. А. Югфельд. – Тула, 2012. – 23 с.
11. Alimbekov, A. et al. Üniversite öğretim elemanlarının pedagojik yeterlikleri sergileme konusunda yaşadıkları sorunlar/zorluklar ve eğitim ihtiyaçlarının değerlendirilmesi // Manas Journal of Social Studies. – 2021. – Vol. 10, No. 1. – С. 82–97.

**УДК 373**

## 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ШАРТЫНДА БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ИНТЕГРАЦИЯЛАНГАН ОКУТУУНУН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

*Меңдибаева Нуркан Меңдибаевна*
*ORCID: 0009-0008-9423-4647*
*ОшМПУ, окутуучу*
*nur_kg_93@list.ru*

**Аннотация:** Бул макалада дүйнөдө билим берүү системасы күн сайын жаңырып, жаңы тенденцияларга жол ачылып, эмгек рыногуна суроо-талап өзгөрүүдө, мына ошого байланыштуу башталгыч мектептерде интеграцияланган сабактардын артыкчылыктары каралат. Ошондуктан 12 жылдык окутууга өтүү дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинин негизги тенденцияларынын бири болуп саналат. Бул трансформация салттуу окутуу процесстерин уюштуруудагы мамилелерди кайра карап чыгууну жана XXI кылымдын чакырыктарына даяр бүтүрүүчүлөрдү сапаттуу даярдай ала турган жаңы педагогикалык стратегияларды издөөнү талап кылат. Интеграцияланган окутуу бул контекстте салттуу предметтик окутуунун бөлүнмөлүүлүгүн жеңип, окуучуларда дүйнөнүн бүтүндүү картинасын калыптандырууга шарт түзгөн инновациялык ыкма катары өзгөчө мааниге ээ. Бул көйгөйдү изилдөөнүн актуалдуулугу 12 жылдык мектеп алкагында интеграцияланган билим берүү программаларын теориялык негиздөөнүн жана практикалык жүзөгө ашыруунун зарылчылыгына байланыштуу. Заманбап эмгек рыногу бүтүрүүчүлөрдөн өзүнчө тармактар боюнча терең билим гана эмес, ошондой эле тармактар аралык ой жүгүртүү жөндөмүн, системалуу талдоо жана комплекстүү маселелерди чечүү жөндөмүн талап кылууда. Интеграцияланган окутуу дал ушундай компетенцияларды калыптандырууга шарт түзөт, ошондуктан билим берүү системасын модернизациялоо шартында аны изилдөө өтө актуалдуу.
**Ачкыч сөздөр:** билим берүү, мыйзам, интеграция, функционалдуулук сабаттуулук, критикалык ой жүгүртүү, өнүктүрүү.

## ЗНАЧЕНИЕ ИНТЕГРИРОВАННОГО ОБУЧЕНИЯ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ В УСЛОВИЯХ 12-ЛЕТНЕГО ОБРАЗОВАНИЯ

*Меңдибаева Нуркан Меңдибаевна*
*ORCID: 0009-0008-9423-4647*
*ОшМПУ, преподователь*
*nur_kg_93@list.ru*